# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫНДАГЫ ЭТНОСОЦИОЛОГИЯ БАГЫТЫНЫН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ ЖАНА ЖИГЕРДҮҮ ИНСАН

**Ж.Жакыпбеков**
т.и.д. Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору,
Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн
эмгек сиңирген кызматкери

Тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, академик А.Асанкановду 1970-жылдардагы студенттик мезгилинен бери билем. КМУнун тарых факультетин ийгиликтүү аяктагандан кийин өзүнүн районунун орто мектебинде мугалим, андан кийин Фрунзедеги политехникалык институтта КПССтин тарыхы кафедрасында окутуучу болуп иштеген.

Эмгек жолун баштаган алгачкы жылдарда эле Абылабек эл менен мамиле түзүп иштөөгө дилгир, көп нерсени билүүгө аракеттенген, коомдун өнүгүшүнүн татаал сырларын түшүнүүгө кызыккан жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды.

Анын жетекчилигинде 1980 – жылдарда Кыргызстандын айыл кыштактарын, шаарларын, ал жерлерде жашашкан элдердин кеңири катмарын кучагына алган этносоциологиялык изилдөөлөрдү жүргүздү. Натыйжада ал Кыргызстандагы жаңыдан түптөлүп келе жаткан этносоциология багытынын калыптанышына шарт түздү. 1980-1983 – жылдары СССР Илимдер академиясынын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы этнография институтунун күндүзгү бөлүмүндө (очная аспирантура) окуп, ийгиликтүү бүтүргөн. Аспирантураны бүтүргөндөн кийин, Кыргызстандын тарыхынын этносоциология багытын калыптандырып, өзүнүн илимий мектебин түздү.

1988-1991- жылдарда СССР ыдырап, анын ар түрлүү аймактарында (Кыргызстанда да) калктын ичинде улуттар аралык мамилелер курчуй баштады. Бул учурда Абылабек (1983-1993 - жылдарда) КМУнун окутуучусу, археология жана этнография кафедрасынын башчысы болуп иштеп турган. Анын чечкиндүү аракетинин натыйжасында КМУнун археология жана этнография кафедрасында, улуттар аралык мамилелердин проблемаларына арналган союздук деңгээлдеги илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн, анын материалдары жарыяланган. Конференциянын жүрүшүндө окумуштуулар талкууга алынган проблеманын ийгиликтүү чечилиши жөнүндө көптөгөн практикалык сунуштарды иштеп чыгышкан.

Абылабек 1993- жылы Москвада, Россия Илимдер Академиясынын (РАН) алдындагы Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы этнология жана антропология институтунда «Социально-культурное развитие кыргызского сельского населения (по материалам этносоциологических исследований)» деген темада, 18 майда докторлук диссертациясын жактаган. Кыргызстанда этносоциология илими боюнча биринчи доктор болду. Мындай татаал проблеманы изилдөөдө жана жактоо иштеринде, Аблабектин илимий консультанты Москвадагы окумуштуу , тарых илимдеринин доктору, профессор Л.М.Дробижев болгон.

Аблабектин ишмердүүлүгү, жетекчи кызматтардагы ишти туура уюштура билгендиги 1993-жылдагы «Мурас» ишкер долбоорунун директору болуп иштеген мезгилде көрүндү. Таланттуу окумуштуу гана эмес, иштин көзүн таба билген жетекчилик жөндөмдүүлүгү 2000-жылдарда даана билинди.

2001-2005 жылдарда И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, 2000 жылдан баштап, азыркы күнгө чейин Кыргызстандын ондогон жогорку окуу жайларынын коомдук илимдер боюнча кафедраларынын профессору болуп иштеп келе жатат.

А.Асанканов Кыргызстандын тарыхынын этносоциологиясына, рухий маданиятына арналган орус жана кыргыз тилдериндеги 200дөн ашык илимий эмгектердин, анын ичинде 15

монографиянын, 10 дон ашык Кыргызстандын ЖОЖдору үчүн жазылган «Кыргызстандын тарыхы (байыркы доордон бүгүнкү күнгө чейин) » - Б., 2001 деген жана башка окуу китептеринин жана окуу усулдук колдонмолордун автору.

Монографияларынын ичинен эң эле мыкты иштелген китептери: өзүнүн авторлугундагы: Асанканов А. Кыргызы Синьцзяна (КНР) – Бишкек: Бийиктик, 2010. – 492 с. жана академик А.Эркебаев менен бирге жазылган: Асанканов А., Эркебаев А. Межэтнический конфликт в июне 2010 года на юге Кыргызстана: причины, обстоятельства, хронология, последствия, принятые меры и уроки. – Бишкек: Улуу Тоолор, 2023. – 400 с. экендигин белгилеп кетмекчимин.

Автордун «Кыргызы Синьцзяна (КНР)» - Бишкек,2010 деген монографиясында Кыргызстандын этнологиялык илиминде биринчи жолу Синьцзян – Уйгур автономиялык районунда жашашкан кыргыздардын этникалык тарыхы КЭРдеги талаа (полевая) этнографиялык экспедициясынын материалдарынын негизинде анализге алынган. Ошондой эле КЭРдеги жашашкан кыргыздардын самоидентификациясы аныкталып, азыркы жайгашкан территориянын өздөштүрүүнүн этаптары хронологиялык тартипте изилденген.

Ошону менен бирге эле А.Асанканов КЭРде жашап жатышкан кыргыздардын традициялык чарбачылыгынын формасын, өзгөчөлүктөрүн, үй-бүлө күтүү, диний ишенимдеринин, жалпы маданиятынын калыптануу процесси ирettүүлүк менен изилдөөгө алынган КЭРдеги жашашкан кыргыздардын Синьцзян – Уйгур автономиялык районундагы коңшу элдер менен болгон мамилелери да көз жаздымда калган эмес.

А.Асанканов бул эмгегинде колдонгон булактарга (талаа (полевая) этнологиялык экспедициясынын материалдары ж.б.) таянып, корутундусунда төмөнкүдөй жыйынтыктарга келген:

- Кыргыздар Кытай Эл Республикасынын Синьцзян – Уйгур автономиялык районунун бардык аймактарында жашашат. Ал аймактар: Алтай, Тарбагатай, Лобнор, Текес, Ак Суу, Кызыл Суу, Хотан, Памир, Кашгар ж.б. болгон (Аталган китеп.185 бет).
- Кыргыздардын азыркы жашап турушкан Синьцзянды өздөштүрүп жайгашышына 1500 жыл болду. (Аталган китеп. 185 бет.).
- Кыргыздар Россия империясы менен Цинь империясынын XIX – кылымдын аягында чек араларын такташканга чейин Теңир – Тоодогу өз кандаштары менен социалдык-экономикалык, соода, саясий байланышта болуп турушкан. (Аталган китеп. 485 бет.).
- Кытай Эл Республикасынын улуттук азчылыкка (национальные меньшинства) карата жүргүзүп жаткан адилеттүү саясатынын натыйжасында кыргыздардын ал жерде өздөрүнүн автономиялык району айылдары бар жана өз элдигин сакташып, өсүп өнүгүп жатышат. (Аталган китеп. 488-489 беттер).

Бул эмгек тарыхчылар үчүн өтө керектүү, зарыл китеп экендиги талашсыз.

Азыркы учурда Аблабектин ишин уланткан 60тан ашуун шакирттери бар экендигин кесиптештери сыймыктануу менен айтышат.

А.Асанканович бүт өмүрүн тарых илиминин өнүгүшүнө арнап, илимий жана агартуу жаатында жигердүү иштеп жатат. А.Асанкановду 70 жаш кутман курак юбилейи менен чын жүрөктөн кызуу куттуктайбыз! Өзүнүз түзгөн илимий мектебиниз кеңейип, чабытыңыз арыштуу болсун!